Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ПОВ(б)-1-16 тайпасынын кураторлук саатынын

**№9 ПРОТОКОЛУ**

*27-май, 2019-жыл.*

*Куратор:* Н. Абдирайимова
*Катчы:* Д. Исматиллаева
*Катышкандар*: ПОВ(б)-1-16 тайпасынын студенттери

*Күн тартиби:*

3. Ар түрдүү маселелер.

ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын мазмунун группада талкуулоо жана сунуш берүү.

*Н. Абдирайимова (куратор):* ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планын тиешелүү кафедралар түзүп жатышат. Ар бир багыт боюнча стратегиялык план иштелип жатат. Бул НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландар боюнча уюштурулуучу иш чаралар, иш чараларды өткөрүүнүн мөөнөтү жана жооптуулар көрсөтүлгөн. Андан сырткары максаттуу индикаторлор жана окуу, илимий ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү, илимий-педагогикалык кадрлардын сапатын жогорулатуу, эл аралык ишмердүүлүктөрдү жогорулатуу, бүтүрүүчүлөрдү ишке орнотуу, НББПларын өнүктүрүү жана коомго жайылтуу боюнча иш чаралардын пландары каралган. Азыркы түзүлүп жаткан стратегиялык пландарда НББПларды 2015-19-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлүп, анын натыйжасында жана иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин сунуштарынын негизинде түзүлүп жатат. Урматтуу студенттер, бул боюнча силер да өз сунушунарды берсенер жакшы болот. Бул түзүлүп жаткан стратегиялык планга кандай сунуштарды берет элеңер?

Куратор Н. Абдирайимова ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча толук маалымат берди.

*Абдураимов Нурсаид (ПОВ(б)-1-16 группасынын студенти):* ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планды карап чыктык. Жакшы түзүлүптүр. Менин тандоо курстары боюнча жеке оюм бар эле. Ошол тандоо курстарына заманбап компьютердик тиркемелерди иштеп чыгып жаткан программаларды окуутуу боюнча сабактарды киргизсек кандай болот? Бул боюнча биз группалаштар менен көп жолу сүйлөшүп талкуулап жүрөбүз. Мисалы, “Android тиркемелери менен иштөө” деген сабактар кирсе деген ойдомун.

*Жоошбаев Нургазы (ПОВ(б)-1-16 группасынын студенти):* Биз программалоо багыты боюнча окуп жаткандыктан негизги программалоо тилдери 1-2-курстарда пландаштырылса жакшы болот эле. Себеби 4-курска келгенде алган билимдерибизди практика жүзүндө ишканаларда колдосок максатка ылайыктуу болмок. Биз айткан

сунуштар да эске алынса деп ойлойм. Негизинен ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык план жакшы түзүлүптүр.

*Эржигитов Улукбек (ПОВ(б)-1-16 группасынын студенти):* ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы менен таанышып чыктык. Бул жерде куратор айтып өткөндөй иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин жана ата-энелердин сунуштары эске алыныптыр. Биз дагы жакшы сунуштарды берсек, бизден кийин окуган студенттерге да пайдасы тиет деген ойдомун. Мисалы, сырткы мобилдүүлүк боюнча бизде жакшы иштер жүргүзүлүп жатат. Биз ички мобилдүүлүк боюнча БАТМУга, ОшКУУга, ОшТУга жана Бишкектеги ЖОЖдорго барып ошол ЖОЖдор менен маалымат алмашсак жакшы болот эле деген ойдомун.

Тайпанын студенттери куратор тарабынан ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча маалыматтарды алышты. Андан сырткары сунуштар боюнча талкуу жүргүзүлүп, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ** кабыл алынды:

1. ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча таанышып чыгышты жана жактырылды;
2. Студенттер тарабынан берилген сунуштарды кароо жагы кафедранын кеңешмесинде чечилсин;
3. Сунуштарды кафедрага көрсөтүү куратор Н. Абдирайимовага жүктөлсүн.

*Куратор:*  Н. Абдирайимова

*Катчы:*  Д. Исматиллаева